**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXIII–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын май айы №**

**Балыкчы шаарынын жергиликтүү жамааттарынын Уставын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" жөнүндө мыйзамынын жергиликтүү жаматтардын Уставы жөнүндө 21-беренесине ылайык, Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 8-апрелиндеги №01-13/1371 кат менен келген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2026- жылдын 17-мартында №01-25/78 буйругу кабыл алынып жергиликтүү жамааттардын типтүү уставын жана шаардык кенештин алдындагы Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Балыкчы шаарынын жергиликтүү жамааттын Уставы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

3. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, көчүрмөлөрү: мэрия-1, ММК-1, мам.каттоо-1

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXIII–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын май айы №**

**Балыкчы шаарынын аймагында органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн өткөрүү боюнча иш-чаралар планы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 11-февралы № 40 Жарылыгын ишке ашыруу максатында, Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 14-апрелиндеги №01-13/1441 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Балыкчы шаарынын аймагында органикалык айыл чарбанын улуттук күнүн өткөрүү боюнча иш-чаралар планы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

3. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы Социалдык өнүгүү, укук коргоо, мыйзамдуулукту сактоо, мандат, депутаттык этика жана регламент маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, көчүрмөлөрү: мэрия-1, ММК-1, мам.каттоо-1

**ДОЛБООР**

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XXIII–СЕССИЯСЫ**

**2026-жылдын май айы №**

**2026-жылга жайыттарды башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планды бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 21-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле шаардык кеңештин алдындагы агрардык саясат, жайыт жана экология маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясынын сунушун угуп жана талкуулап шаардык кеңеш, токтом кылат:

1. 2026-жылга Балыкчы шаарынын аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жайыттырды башкаруу жана пайдалануу боюнча 2026-2030-жылдарга (5 жылга) карата планы 2-тиркемеге ылайык бекитилсин
3. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планына баа берүү жөнүндө корутунду 3- тиркемеге ылайык бекитилсин
4. Балыкчы шаарынын мэриясы:

- 2026–жылга Балыкчы шаарынын аймагынын жайыттарын башкаруу жана аларды пайдалануу боюнча бекитилген планды ишке ашырууну камсыз кылсын жана жылдын жыйынтыгы боюнча анын аткарылышы жөнүндө маалымат даярдасын.

5. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

6. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы агрардык саясат, жайыт жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, көчүрмөлөрү: мэрия-1, ММК-1, мам.каттоо-1

**ДОЛБООР**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
# XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
# XXIII–СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын май айы №**

**“Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына 1,20га жер тилкесин которууга макулдук берүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 7-апрелиндеги № 01-13/1327 кайрылуусун жана курулуш, архитектура, муниципалдык менчик, коммуналдык чарба, өнөр жай жана транспорт, ишкерликти өнүктүрүү боюнча депутаттык туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы шаарына караштуу Кызыл-Саз участогундагы жалпы аянты 1,20 га жер тилкеси, 2017-жылдагы инвентаризация материалдарына ылайык № 160, № 160* контурда жайгашкан жер тилкесине өндүрүштүк курулмаларды куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, энергетиканын, байланыштын, коргонуу жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Балыкчы шаарынын мэриясына мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында https://balykchy.gov.kg жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы агрардык саясат, жайыт жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, көчүрмөлөрү: мэрия-1, ММК-1, мам.каттоо-1